УДК 378 https://doi.org/10.56122/..v1i2.165

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА БИЛИМ БЕРҮҮ ТАРМАГЫН «АЛТЫН КАЗЫК» ПРОГРАММАСЫНА ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО МЕЗГИЛИНДЕГИ ИНФОРМАТИКА МУГАЛИМДЕРИНИН РОЛУ
# РОЛЬ УЧИТЕЛЕЙ ИНФОРМАТИКИ В ПЕРИОД ТРАНСФОРМАЦИИ СФЕРЫ ОБРАЗОВАНИЯ КР НА ПРОГРАММУ «АЛТЫН КАЗЫК»
# THE ROLE OF COMPUTER SCIENCE TEACHERS IN THE PERIOD OF TRANSFORMATION OF THE KYRGYZ EDUCATION SPHERE TO THE "ALTYN KAZYK" PROGRAM

**Арынбаев Эралы Калилович, п.и.к., доцент, Ош МПУ, 0559903622, era000@bk.ru**

**Аннотация**. Бул макалада Кыргыз Республикасында билим берүү системасын түп тамырынан өзгөртүү багытында иштелип чыккан «Алтын казык» программасынын алкагында информатика мугалимдеринин аткара турган негизги ролу талдоого алынган. Программа заманбап билим берүү системасын түзүүгө багытталып, санариптик технологиялардын ар тараптуу колдонулушун талап кылат. Ошондуктан информатика мугалимдери окуучуларды, алардын ата-энелерин жана кесиптештерин санариптик сабаттуулукка үйрөтүүдө маанилүү ролду ойношот. Бул макалада санариптик компетенцияларды калыптандыруу, маалыматтык-коммуникациялык технологияларды билим берүү процессине интеграциялоо, окуучулардын өз алдынча билим алуу көндүмдөрүн өнүктүрүү, жана мугалимдердин санариптик билим берүү платформаларын пайдалануу сыяктуу негизги аспектилер каралган. Авторлор информатика мугалимдери жаңы билим берүү стандарттарын ишке ашырууда, санариптик коомго окуучуларды жана мугалимдерди даярдоодо жана билим берүү системасын жаңылоодо негизги күч экенин белгилешет. Санариптик билим берүү жана «Алтын казык» программасынын ишке ашуусунда информатика мугалимдеринин кошкон салымы билим берүү системасын эл аралык деңгээлге шайкеш келтирүүгө өбөлгө түзөрү талданат.

**Ачкыч сөздөр**: Алтын казык программасы, санариптик сабаттуулук, информатика мугалимдери, билим берүүнү трансформациялоо, санариптик билим берүү, маалыматтык-коммуникациялык технологиялар, санариптик компетенция, 12 жылдык билим берүү

**Аннотация**. В данной статье анализируется основная роль учителей информатики в рамках программы «Алтын казык», которая была разработана в направлении коренного изменения системы образования в Кыргызской Республике. Программа направлена на создание современной системы образования и требует комплексного использования цифровых технологий. Поэтому учителя информатики играют важную роль в обучении цифровой грамотности учащихся, их родителей и коллег. В данной статье рассмотрены такие основные аспекты, как формирование цифровых компетенций, интеграция информационно-коммуникационных технологий в учебный процесс, развитие навыков самостоятельного обучения учащихся, использование педагогами цифровых образовательных платформ. Авторы отмечают, что учителя информатики являются ключевой силой во внедрении новых образовательных стандартов, подготовке учащихся и преподавателей к цифровому обществу, реформировании системы образования. Анализируется, что вклад учителей информатики во внедрение цифрового образования и программы «Алтын казык» способствует гармонизации системы образования с международным уровнем.

**Ключевые слова**: Программа «Золотой якорь», цифровая грамотность, преподаватели информатики, образовательная трансформация, цифровое образование, информационно-коммуникационные технологии, цифровая компетентность, 12-летнее образование.

**Abstract**. This article analyzes the main role of computer science teachers in the framework of the "Altyn Kazyk" program, which was developed in the direction of a radical change in the education system in the Kyrgyz Republic. The program is aimed at creating a modern education system and requires the integrated use of digital technologies. Therefore, computer science teachers play an important role in teaching digital literacy to students, their parents and colleagues. This article examines such key aspects as the formation of digital competencies, the integration of information and communication technologies into the educational process, the development of students' independent learning skills, and the use of digital educational platforms by teachers. The authors note that computer science teachers are a key force in the implementation of new educational standards, preparing students and teachers for a digital society, and reforming the education system. It is analyzed that the contribution of computer science teachers to the implementation of digital education and the "Altyn Kazyk" program contributes to the harmonization of the education system with the international level.

**Keywords**: Altyn Kazyk Program, digital literacy, computer science teachers, educational transformation, digital education, information and communication technologies, digital competence, 12-year education.

Кайсыл гана коомдун өкүлдөрү болбосун билим берүүнү өркүндөтүүгө умтулуп келишет. Анткени билим берүү коомдогу, экономикадагы жана технологиядагы өзгөрүүлөргө туруштук берүү үчүн дайыма өнүгүп турушу керек. Жаңы технологиялардын жана алардын иштөө ыкмаларынын пайда болушу жаш муундарды келечектин тоскоолдуктарына жана мүмкүнчүлүктөрүнө даярдоо үчүн билим берүү программаларын жаңылоо зарыл. Мындан тышкары климаттын өзгөрүшү, экономикадагы оош-кыйыш жагдайлар жана социалдык чар жайыттуулук сыяктуу пайда болгон көйгөйлөр билим берүүгө жаңыча мамиле кылууну түрткү берет. Билим берүүнүн учурдагы программалары жаштарга бул көйгөйлөрдү жеңүүгө жардам бере турган ар тараптуу жаңыча ой жүгүртүү аркылуу чыгармачылык менен көйгөйлөрдү чечүүнүн жаңыча көндүмдөрүн өнүктүрүүгө тийиш. Ошондой эле билим берүү процессинде жаңыча технологияны пайдалануунун жайылтуусу менен жаңы окуу мүмкүнчүлүктөрү пайда болууда. Ар бир окуучунун билимге алууга болгон мамилесине карата окуу ишмердүүлүгүн жекелештирүү тенденциясы байкалууда.

Акыркы мезгилдерде Кыргызстанда билим берүүгө өзгөчө көңүл бурула баштады. Жаңы мектептер тынымсыз курулуп пайдаланууга берилип жатат. Ар бир мектеп мугалимин ноутбук менен камсыздоо, ал гана эмес ар бир окуучуга ноутбук алып берүү пландалууда. "Биринчи этапта ар бир мугалимди ноутбук менен камсыз кылып, аларды кайра даярдашыбыз керек. Мугалимдер ар бир айылда, ар бир шаарда эң алдыңкы адамдардан болууга тийиш. Андан соң ар бир балага ноутбук алып берели деген планыбыз бар. Мындай учурда алардын ар биринин жеке мугалими болуп, билим алууга күнү-түнү мүмкүнчүлүк түзүлөт"[4], — деп КРнын Министрлер кабинетинин төрагасы А.Жапаров.

Кыргыз Республикасынын билим берүүнү өркүндөтүү иш чараларынын алкагында билим тармагын трансформацияоонун “Алтын казык” деген аталыштагы программа иштелип чыгып, 2024-жылы Билим берүү жана илим министрлигинин кеңейтилген коллегиясында каралып бекитилген[1]. Бул, “Алтын казык” программасынын кабыл алынышына билим сапатын жогорулатууга жана эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүү, окуучуларды тездик өзгөрүп жаткан дүйнөгө ийгиликтүү ыңгайлашуу үчүн зарыл болгон санариптик көндүмдөрдү жана компетенцияларды калыптандыруу, мугалимдерди ар тараптуу колдоо жана квалификацияларын жогорулатуу, окуучулардын ар кандай муктаждыктарын жана жөндөмдүүлүктөрүн эске алууга мүмкүндүк берүүчү жекече билим берүүнү ишке ашыруу, билим берүү мекемелеринин инфраструктурасын жакшыртуу сыяктуу бир нече зарылчылыктар түрткү болду. Ошол эле учурда “Алтын казык” программасынын алкагында 12 жылдык билим берүүнүн моделине өтүүнүн укуктук актылары иштелип чыгып, мугалимдердин иш сапатын жогорулатууга, баалоо жүргүзүүгө, мугалимдерди тандоого,

ошондой эле жетишсиздик маселесин чечүүгө жардам бере турган «Педагогикалык кадрлардын Улуттук резерви» санариптик платформасы даярдалууда. Мугалимди баалоодо 6 приоритеттүү багыты тандалып, алардын сап башында санариптик көндүмдөр турат[2].

Программанын алкагында санарип билим берүүнүн атайын репозиторийлери жана билим берүүнү башкаруу системалары сыяктуу борборлоштурулган маалымат кампалары аркылуу санариптик билим берүү контентин өнүктүрүү билим берүү тармагында жаңы мүмкүнчүлүктөрдү жаратат. Демек жакынкы келечекте бардык мектеп мугалимдери окуткан предметине, жаш өзгөчөлүктөрүнө, жайгашкан географиялык аймагына карабастан негизги санариптик көндүмдөргө ээ болуусу талап кылынат.

Демек Кыргыз Республикасында билим берүү тармагын «Алтын казык» программасына трансформациялоо мезгилиндеги информатика мугалимдеринин ролун изилдөө маселеси жаралууда.

«Алтын казык» программасы боюнча 12 жылдык билим берүүнүн моделиндеги билим берүүнүн башталгыч баскычында санариптик көндүмдөрдү калыптандыруу миссиясы жана милдеттери каралган[3]. Ал эми кийинки, билим берүүнүн негизги жалпы жана орто жалпы баскычтарында каралган миссия жана милдеттерди ишке ашырууда санариптик көндүмдөрдүн мааниси абдан маанилүү. Анткени санариптик көндүмдөр окуучуларга жана мугалимдерге аралыктан окутуу платформалары, билим берүүнүн онлайн ресурстары жана билим берүүнү башкаруу системалары сыяктуу заманбап билим берүү куралдарын натыйжалуу пайдаланууда керектелүүчү көндүмдөр.

Чындыгында бүгүнкү күндө жашообуздагы кайсыл тармакты алып карабайлы маалыматтык-коммуникациялык технологияны пайдаланбастан иш жүргүзүү мүмкүн болбогондой доорго келдик. Билим берүүнү “Алтын казык” программасына трансформациялоонун алдында бир гана мугалимдердин гана санариптик сабаттуулугун калыптандырбастан, окуучулардын да, үй тапшырмаларын аткарууда көмөктөшүүдө жана окуучунун окуу ишмердүүлүгүн көзөмөлдөөдө кыйналбай турган деңгээлде ата-энесинин же туугандарынын да санариптик сабаттуулугун калыптандыруу мезгил талабына айланууда. Ал эми бул маселелерди чечүүдө информатика мугалимдери окуучулардын санариптик сабаттуулугун өнүктүрүүгө жана билим берүү процессине маалыматтык - коммуникациялык технологияларды интеграциялоого багытталган маанилүү жана көп кырдуу ролду ойнойт[7]. Бул программада информатика мугалимдери аткара турган негизги иш-чараларды карайлы[5,6]:

- Санариптик компетенцияларды калыптандыруу. Информатика мугалимдери окуучуларга МКТ каражаттарын иштетүү багытындагы билим жана көндүмдөрдү үйрөтүшү керек.

- Билим берүү процессине МКТны интеграциялоо. Санариптик технологияларды предметтер боюнча окуу пландарына киргизүү.

- Окуучулардын өз алдынча билим алуу көндүмдөрүн өнүктүрүү. «Алтын казык» программасынын негизги сыпаттамаларынын бири санариптик ресурстарды колдонуу менен өз алдынча билим алуу көндүмдөрүн өнүктүрүү. Мында информатика мугалимдери окуучуларга санариптик маалымат булактары аркылуу түрдүү предметтер боюнча маалыматтарды табууну, пайдаланууну жана алардын пайдалуулугун баалай билүүнү үйрөтүүдө маанилүү ролду ойнойт.

- Билим берүүнүн инновациялык усулдарын колдоо: Информатика мугалимдери билим берүүнүн инновациялык усулдарын (билимди баалоону автоматташтырууда жасалма интеллектти пайдалануу, санариптик билим берүү багытындагы контенттерди түзүү ж.б.) жайылтууда негизги күч болуп саналат.

- Окуучулардын ата-энелерин же туугандарын санарип технологияларын пайдаланууга окутуу. Билим берүүнүн азыркы шартында окуучуларга билим берүү менен гана чектелбестен, алардын ата-энелерине жана башка туугандарына санарип технологияларын пайдаланууну

үйрөтүү маанилүү. Бул аларга санариптик куралдар аркылуу окуучуларга жардам берүүгө, алардын мектептеги жүрүм-турумун көзөмөлдөөгө жардам берет.

Окуучуларды санариптик коомго даярдоо: Информатика мугалимдери окуучулардын санариптик сабаттуулугун жоюу менен жашоонун ишмердүүлүгүнүн бардык тармактарында кездешкен санариптик коомго даярдайт.

- Мугалимдердин санариптик квалификациясын жогорулатуу. Информатика мугалимдери кесиптештердин санарип сабаттуулугун жогорулатууга өзгөчө салым кошушат. Алар насаатчы катары иш алып баруу менен жана башка предметтик мугалимдерге тренинг өткөрүшөт, аларга сабактарды өткөрүү жана билимди баалоо үчүн керектүү санариптик инструменттерди жана технологияларды өздөштүрүүгө жардам беришет.

- Санариптик билим берүү платформаларын пайдалануу. “Алтын казык” программасынын алкагында информатика мугалимдери электрондук билим берүү системалары, электрондук күндөлүк жана башка автоматташтырылган билимди текшерүү системалары сыяктуу билим берүү платформаларын иштетүүдө негизги ролду ойнот.

- Билим берүүдөгү жасалма интеллект. Информатика мугалимдери билим берүү процессин өркүндөтүү үчүн жасалма интеллект менен активдүү иштеп, аны кантип пайдаланууну жайылтышат.

«Алтын казык» программасында информатика мугалимдеринин ролу санариптик көндүмдөрдү үйрөтүү гана эмес, билим берүүдө МКТны интеграциялоого жардам берүү, кесиптик даярдыкты камсыз кылуу жана технологияны туура пайдаланууну үйрөтүү менен бирге окуучулардын, мугалимдердин жана бүтүндөй мектеп жамаатынын санариптик компетенцияларын өнүктүрүү аркылуу салым кошуп келишет.

Кыргызстанда “Алтын казык” программасы билим берүү системасын түп тамырынан трансформациялоого багытталганын жана бул процессте информатика мугалимдери негизги ролду ойноорун баса белгилебесе болбойт. Алар санариптик технологиялар тармагын үйрөтүүчүлөр гана болбостон, окуучулардын критикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө жана маалыматтык-коммуникациялык технологияларды өз алдынча пайдаланууга өбөлгө түзүүчү билим берүүнүн жаңы ыкмалардын дирижёрлору. Информатика мугалимдери санариптик инструменттерди билим берүү тармагына киргизүүгө жардам берип, окуучуларды да, окуучулардын ата – энелерин, туугандарын да, ал гана эмес кесиптештерин да окутуп, кийинки муунду санариптик дүйнөдө жашап жана иштөөгө даярдоого жардам беришет. “Алтын казык” программасын ийгиликтүү ишке ашырууда жана өлкөбүздө заманбап билим берүү системасын түзүү үчүн информатика мугалимдеринин салымы баа жеткис.

**Пайдаланылган адабияттар**

1. https://kutbilim.kg/analytics/inner/altyn-kazyk-atkarylgan-ishter-zhana-kelechektegi-plandar/
2. https://kutbilim.kg/analytics/inner/altyn-kazyk-okuu-programmasy-tolugu-menen-zg-r-t/
3. https://ky.kloop.asia/2024/08/27/kyrgyzstan-12-zhyldyk-bilim-ber-g-t-t-lk-n-n-bilim-ber-sistemasy-dayarby/
4. https://kutbilim.kg/news/inner/ar-bir-mugalimge-noutbuk/
5. Исаев Мовлади Исаевич ГОТОВНОСТЬ СОВРЕМЕННОГО УЧИТЕЛЯ ИНФОРМАТИКИ К ИННОВАЦИОННОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ // Kant. 2020. №3 (36). URL: https://cyberleninka.ru/article/n/gotovnost-sovremennogo-uchitelya-informatiki-k-innovatsionnoy-deyatelnosti (дата обращения: 09.10.2024).
6. Казинец Виктор Алексеевич, Редько Екатерина Александровна ИНФОРМАТИКА В ПЕДАГОГИЧЕСКОМ ОБРАЗОВАНИИ // Современное педагогическое образование. 2021. №4. URL: https://cyberleninka.ru/article/n/informatika-v-pedagogicheskom-obrazovanii (дата обращения: 09.10.2024).
7. Арынбаев, Э. К. Информатика мугалимдеринин ийкемдүүлүк компетенттүүлүгү / Э. К. Арынбаев // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2023. – No. 1(21). – P. 38-41. – DOI 10.56122/..v1i1.54. – EDN ZKZRLH.